КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Shaar.kenesh@gmail.com

shaar.kenesh@gmail.com

Талас шаардык кенешинин IX чакырылыштагы кезектеги XVII сессиясынын №124 /17-9 ТОКТОМУ

29-август, 2026-жыл

Талас шаары

Талас шаарынын жергиликтүү бюджетинин 6 айында сатып алуулардан үнөмдөлгөн жана пайдаланылбаган акча каражатын кайра бөлүштүрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 2-пункту, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 20.08.2026-жылдагы №01-19/3631 чыгыш сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кеңешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу маселелери боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Талас шаарынын жергиликтүү бюджетинин 6 айында сатып алуулардан үнөмдөлгөн жана пайдаланылбаган 12 702, 2 миң сом акча каражаты төмөнкү бюджеттик мекеме ишканалардын беренелеринен азайтылсын:

- Талас шаардык мэриясынын 2214 беренесинен 0,4 миң сом, 2215 беренесинен 12,8 мин сом, 2222 беренесинен 18,0 миң сом, 3112 беренесинен 180,9 миң сом бардыгы 212,0 мин сом,
-Талас шаарынын мэриясынын турак жай-коммуналдык чарба бөлүмүнүн 2511 субсидия беренесинен 12 490,2 миң сом акча каражаты төмөндөгү муниципалдык ишканалардан азайтылсын:

-Талас жашыл чарба” муниципалдык ишканасы – 676,6, миң сом, Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасы -1161,0 миң сом, Талас шаарынын Муниципалдык менчик башкармалыгы - 10 652,0 миң сом.

2. Жергиликтүү бюджеттин мекеме ишканаларынын беренелеринен азайтылган жалпы

12 702,2 сом акча каражаты кайра төмөндөгүдөй бөлүштүрүлүп каржылансын:

- Талас шаарынын мэриясынын 2215 беренесине 2458,5 миң сом ар кандай чыгымдарга жана Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 35 жылдыгына карата иш чаралары үчүн;
- Талас жашыл чарба" муниципалдык ишканасынын 2511 субсидия беренесине Талас шаарынын аймагын жашылдандыруу, гүлдөрдү отургузуу үчүн 2000,0 миң сом, күйүүчү майлоочу майларын сатып алууга 1000,0 миң сом, тетиктерди сатып алууга 500,0 миң сом, чарба буюмдарын сатып алууга 300,0 миң сом, бардыгы 3800,0 сом;
- Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасынын 2511 субсидия беренесине күйүүчү майлоочу майларын сатып алууга 1000,0 миң сом, тетиктерди сатып алууга 500,0 миң сом бардыгы 1500,0 сом;
- Талас шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгы мекемесине 2212 байланыш кызматтары беренесине 95,0 миң сом, 3111 курулуш беренесине Талас шаарынын №1 орто мектебинин жылытуу системасын ондоп-түзөө иштерине кошумча 900,0 миң сом жана Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты имаратынын жанына чөнтөкчө аллеясын уюштурууга кошумча 1500.0 миң сом, буюмдардын жана материалдардын башка түрлөрүн сатып алууга 2222 учурдагы сатып алуу беренесин 60,0 миң сом,"Талас шаардык автобекети" муниципалдык ишканасына орг.техникаларды сатып алуу үчүн 3112 беренесине 470,0 миң сом, Электробустардын айдоочуларына жилет (спецодежда) сатып алуу үчүн 2215 беренесине 150,0 миң сом, "Талас шаардык автобекети" муниципалдык ишканасынын долбоордук сметалык иштери үчүн 2215 беренесине 500,0 миң сом, Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасына 3112 беренесине 70 даана таштанды салуучу контейнерлерин сатып алууга 1000,0 миң сом жана таштанды таштоочу урналарды сатып алууга 3112 беренесине 268,7 миң сом бардыгы 4943,7 сом.

3. Талас каржы башкармалыгына (Иманкулов А.М.) жогоруда көрсөтүлгөн өзгөртүүлөрдү киргизип, өз убагында каржылоо милдеттендирилсин.
4. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кеңешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу маселелери боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Суйунтбеков А.О.) тапшырылсын.

Төрага **К.Джаныбеков**